БЕКИТЕМ
Э. Ибраев атындагы
жалпы орто билим берүүчү №4
мектебинин директору
_______ Керимбаева А.А.

**№-**

# Нарын шаарындагы Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеби 2022-2023-окуу жылындагы Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаждан өтүү журналы.

## Жалпы мугалимдер жана класс жетекчилер үчүн

(техникалык коопсуздуктарды окууну уюштуруу жана нускамалар боюнча «Эмгекти коргоо жана уюмдун жумушчуларын окутуу ошондой эле эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдерин текшерүү тартиби жөнүндө жобонун» Негизине таянат Анын жалпы жобосу КР Өкмөтүнүн 2004-ж .5.04 №225 Токтому менен бекитилген.

**Колдонулган материалдар жана нускамалар:**
Билим жана илим кызматкерлер кесиптик кошуунунун Нарын районундук комитети.
Мектептин техникалык коопсуздук эрежелери боюнча нускама. Нарын шаары 2016-ж

**Нарын шары Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеби. 2021-2022-окуу жылы.**

# Техникалык- коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча Жалпы мугалимдер жана класс жетекчилер үчүн көрсөтмөлөр жана талаптар.

## 1. Эмгекти коргоо боюнча мугалимдерге жана класс жетекчилерге коюлуучу талаптар:

1.1 Мугалимдин ишке, класс жетекчиликке коопсуздукту сактоо, эмгекти коргоо боюнча көрсөтмө менен таанышкан, инструктаждан өткөн, ден соолугу боюнча медициналык кароодон өткөн, ден соолугу таза, психикалык жактан жабыркабаган, жугуштуу оорулар, туберкулез менен оорубаган, кылмыш иштери боюнча учетто турбаган, буга чейин соттолбогон, диний экстремизм уюмдары менен кызматташпаган, мугалимдик адистигин тастыктаган атайын орто же жогорку билимге ээ болгон жарандар кабыл алынат;

1.2 Мугалим же класс жетекчи ички эмгек жана аткаруучулук тартибин бекем сактоого; эмгек режимин так аткарууга, расписание жана ички регламентти сактап окуу жылынын башталаар алдындагы №1 пед кенешменин токтому менен кабыл алынган ички жоболордун эреже-талаптарын милдеттүү түрдө аткарышы керек.

## 2. Иш ордунда жана өзүнө бекитилип берилген классында же бөлмөсүндө техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо жана окуучуларга аткартуу боюнча төмөндөгүдөй талаптарды, көрсөтмөлөрдү билүүгө жана аткарууга тийиш:

2.1 Класстын бөлмөнүн таза болуусун камсыз кылуу;

2.2 Полдордун жууп-тазалоодон кийинки убагында кургак болуусун камсыз кылуу;

2.3 Кыш мезгилинде терезелердин жабык болуусун жана чон танапис учурунда желдетип туруу;

2.4 Жаз жайкы мезгилдерде окуучулардын терезеден башын чыгарбашын көзөмөлдөө;

2.5 Иш ордундагы, кабинеттердеги, доска, стенддерди дубалга бекем, бышык тагылышын камсыз кылуу;

2.6 Шкафтардын дубалга бекем кагылышын камсыз кылуу;

2.7 Айнектен жасалган стенддерди дубалга илүүгө болбойт;

2.8 Класстагы, бөлмөдөгү терезеге жана андан жогорку бийиктике, дубалга гүл челектерин коюуга тыюуу салынат;

2.9 Гүл идиштер терезедеги бөлмөгө тийүүчү жарыкты тоспошу керек;

2.10 Гүл идиштер терезедеги бөлмөгө башкача айтканда 1м төмөн атайын койгучтарга коюлушу керек;

2.11Иш бөлмөдөгү, кабинеттеги бардык электр өткөргүчтөр, жабдуулар оң абалда болууга тийиш жана ачык жерлери болбош керек;

2.12Жууп тазалоо үчүн шаймандар( швабра, тряпка, чака, шыпыргы, калак же щетка) сөзсүз болушу керек;

2.13Пол жуу үчүн жана доска сүртүүчү чүпүрөк менен чакалар өзүнчө болуш керек;

2.14Жууп тазалоо үчүн суунун температурасы муздак болбош керек;

2.15Парталардын жайгашышы окуучулар отурганда жарык (табигый жарык) сол жактан тийип тургандай болуш керек;

2.16Жаш өзгөчөлүгүнө жараша парта, стулдар менен камсыздалышы керек;
2.17Класстык бөлмөгө электр жарыгы светодиоддук лампалар коюлуп, бөлмөнүн аянтына жараша жарык нурунун нормасы жетиштуу болуш керек (сан пин эрежелери)
2.18Досканын үстүндө светодиоддук лампа коюлуп, анын нуру окуучуларга эмес доскага тийип тургандай абалда орнотулуш керек (санпин);
2.191 катардагы парталар менен досканын ортосундагы аралык 2,5 м кем эмес санпин талаптарына ылайык жайгашыш керек;
2.20Парта стулдардын материалдары экологиялык жактан зыян болбогон (жыгач, фанера) материалдардан жасалышы керек;
2.21Стол, стулдардын тетиктери, бурчтары окуучулардын денесине жаракат алып келбегендей болуш керек( тытып кетиши, кеспеши керек);
2.22 Класстык бөлмөдө техникалык коопсуздук эрежелердин талаптары, көрсөтмөлөрү, окууга, көрүүгө ынгайлуу шрифтер менен оной окулгандай жана көрүнөө жерге илиниш керек.
2.23 Класстык бөлмөлөрдө авариялык учурларда чыгып кетүүчү эвакуациялык план болуш керек жана запастык эшиктер жабык болбош керек;
2.24 Класстагы окуучулар менен эвакуация учурунда иш аракеттер, боюнча машыгууларды чейрек сайын жүргүзүү керек; Атайын журналдарга кол койдуруш керек;
2.25 Класс кабинетиндеги стенддердин жасалгаланышы боюнча түстөр өтө кочкул же карангы болбош керек; (сунушталган тустор муздак жана ачык) (санпин)
2.26 Стенддердин материалдары экологиялык жактан таза жана токсиндуу болбош керек же зыяндуу заттарды, жагымсыз жыттарды болуп чыгарбаган материалдар болушу керек;
2.27 Класс кабинеттерде, бөлмөлөрдө жаракат кылуучу ашык буюмдар, ошондой эле күйүүчү заттар, суюктуктар (бензин, ацетон, уайт-спирит, расворитель, аки-таш калдыктары, сырлар) сакталбашы керек;
2.28 Окуучулардын көзүнүн көрүүсүнүн, угуусунун начар, бойлору кичине болгон окуучулар алдынкы катарга жайгаштырылышы керек;
2.29 Лабораториялык каражаттар, препараттар, химиялык заттар, реактивдер жана шаймандар окуу кабинетинде сакталбашы керек;
2.30 Ченөөчү, чийүүчү, көрсөтмө куралдар сызгыч, циркуль, жана башкалар мугалимдин атайын шкафында же үкөгүндө сакталышы керек;
2.31Жуучу каражаттар жыттанып, бузулуп кетишине жол бербөө үчүн аларды жуудуруп, кургатып туруу боюнча көзөмөлгө алынышы керек;
2.32Класс кабинетинде, бөлмөлөрдө алгачкы медициналык жардам көрсөтүү боюнча медициналык аптечка болушу керек. Андагы дарылар же каражаттардын кайсы жаракатка кандай пайдалануу керектигин окуучулар, мугалимдер, кызматкерлер билиши керек;
2.33Ар бир окуу кабинетинде санитардык медициналык агартуу бурчтар болушу керек жана анда актуалдулугуна жараша тематикалык жактан материалдар жазылып, мезгил-мезгили менен жаныртылып турушу керек;

## 3. Сабак убагында мугалимдерге, класс жетекчилерге коюлуучу техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча талаптар:

3.1 Сабак убагында парталардын ирееттүү сан пин эрежелерине ылайык болуусун сабактын башталаар алдында көзөмөлдөө;
3.2 Окуучулардын партага түз олтуруусун талап кылуу, көзөмөлдөө;
3.3 Бор жана жазуучу каражаттардын экологиялык жактан зыянсыз турун колдонуу;
3.4 Окуучулар арасында класс кабинеттин ичинде, түртүшүү, жулмалашуу, ойноо, конфликтердин болуп кетпешин камсыз кылуу;
3.5 Окуучуларга сабакты түшүндүрүүдө укугуна жеке инсандык абийирине шек келтирбөө, зомбулук көрсөтпөө, басынтпоо, күч колдонбоо;
3.6 Сабак убагында өзүнүн же башка бирөөлөрдүн көрсөтмөсү,тапшырмасы, кызыкчылыгы менен башка иштерге жумшабоо, оор нерселерди ташытпоо, көтөртпөө;
3.7 Окуу куралдарынын абалын текшерип туруу, классындагы окуучулардын сумкасында зыяндуу заттардын, буюмдардын, кесүүчү, учтуу куралдардын жоктугун текшерип туруу;
3.8 Ашканага алып бара жатканда коридордо, тепкичтерде дайыма он жак менен басып жүрүүгө үйрөтүү;
3.9 Күндөлүктөрүнүн акыркы бетинде окуучуларынын «үйүнөн-мектепке-үйүнө» маршурутунун схемасын, картасынын болуусун камсыз кылуу, текшерүү, үйрөтүү, талап кылуу;
3.10 Окуу кабинетиндеги, бөлмөдөгү абанын температурасын абалын, нормасын сактоо, терезелерди ачып желдетүү же жылуулоо;
3.11 Жолдо жүрүүнүн эрежеси боюнча класстык сааттарда дайыма түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
3.12 Сабак аяктаган мезгилде санитардык абалын жакшыртуу боюнча жууп тазалоо иштерин жүргүзүүнү текшерүү;
3.13 Жуманын, айдын аягында генералдык жууп, тазалоону жүргүзүүнү, хлор аралашмасы менен жүргүзүүнү текшеруу, аткаруу;
3.14 Жумуш күнүнүн II-нөөмөттүн аякташы менен окуу кабинетти электр жарыктарын, проекторлорду, компьютерлерди ар башка бардык электр приборлорун өчүрүп кетүү;
3.15 Окуу кабинетинде, бөлмөлөрдө аварияларды, кырсыктарды алдын алуу боюнча дайыма көзөмөл жүргүзүп, текшерип шектүү жерлерди калыбына келтирүү, ондоо, бекемдөө боюнча жетекчиликке, завхозго билдирүү;
3.16 Окуу кабинеттинде, бөлмөлөрдө жаракат алуучу ашыкча буюмдар болбош керек;
3.17 Ар кандай аварияларды алдын алуу, чара көрүү максатында окуу кабинеттердин, бөлмөлөрдүн **1ден** ачкычтарын кароолчуларга (завхозго) кабинеттин атын жана номерин атайын биркага жазып, калтыруу.

**Нарын шаарындагы Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеби. 2021-2022-окуу жылы үчүн мугалимдердин жана класс жетекчилердин техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаждан өтүү журналы**

| № | Инструктаждан өткөн мугалимдин А.А.А. | Туулган жылы, айы | Кызматы | 1-Инстр-н өткөн убагы, датасы | 2-Инстр-н өткөн убагы, датасы | Инстр-дан өткөн мугалимдин колу | | Инструк-н өткөргөн адамдын А.А.А. кызматы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1-инст-ж үчүн | 2-инст-ж үчүн | |
| 1 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 2 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 3 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 4 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 5 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 6 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 7 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 8 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 9 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 10 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 11 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 12 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 13 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 14 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 15 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 16 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 17 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 18 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 19 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 20 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 21 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 22 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 24 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 25 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 26 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 27 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 28 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 28 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 29 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 30 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 31 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 32 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 33 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 34 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 35 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 36 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 37 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 38 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 39 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 40 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 41 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 42 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 43 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 44 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 45 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 46 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 47 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 48 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 49 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 50 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 51 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 52 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 53 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 54 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 55 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 56 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 57 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |
| 58 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 59 | | | | | | | | А. Керимбаева директор |